**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**
**АК-ДӨБӨ АЙЫЛ**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО**
**АЙМАКА**

Тилекмат айылы,
Асаналиева № 42

факс 60201
тел. 60203

село Тилекмат,
ул.Асаналиева № 42

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII
ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТҮҮ СЕССИЯСЫНЫН

# ТОКТОМУ

13 - июль 2023-жыл № 82/1 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн "2023-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"**

Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин финансы -экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын кароосунда каралып, Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы А.Тыныбековдун наамына, айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин наамына түшкөн кайрылуулардын жана жумуштун муктаждыгына байланыштуу 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин сунуштарын угуп жана талкуулап Ак-Дөбө айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине 6 айынын жыйынтыгы менен өзгөртүлөр киргизилсин:
2. Ак-Дөбө айыл өкмөтүнүн кызматкеринин ишинин муктаждыгына байланыштуу 1 даана компьютер жабдыктары менен алынып берилсин.
3. Аң-Өстөн китепканасына кайрылуунун негизинде керектүү материалдарын алууга жалпысынан 115,0 (бир жүз он беш миң) сом бөлүнсүн.
4. Жаңы конуштарга электр энергия тартуу үчүн столба алып, орнотууга жергиликтүү бюджеттин эркин калдыгы жана өздүк салымга деп каралган акча каражаттарынын негизинде тиешелүү суммасы бөлүнсүн. (сметанын негизинде)
5. Жети-Өгүз РИИБдин ККҚнын МУУ милициянын лейтинанттарынын жеке кайрылуусунун негизинде 500 литр күйүүчү май бөлүнүп берилсин.
6. «Муниципалитет» журналына жазылууга 2023-жыл үчүн жергиликтүү бюджеттен 15960 (он беш миң тогуз жүз алтымыш) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
7. Тилекмат айылына лоток сатып алуу боюнча жергиликтүү бюджеттен кошумча 500 (беш жүз миң) сом бөлүнүп берилсин. Жалпысынан лотокко деп бөлүнгөн 2 миллион акча каражатына материал сатылып алынсын.
8. Ак-Дөбө айыл акймагынын ичиндеги таштандыларды чыгарып, санитардык тазалоо иштерине 362000 (үч жүз алтымыш эки миң) сом акча каражаты каралсын.
9. Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.А Алиевке жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы А.Имангазиевага акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.
10. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин финансы экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Баямановко жана айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б.Алиевке тапшырылсын.

**Төрагасы** **А.Тыныбеков**